# Бул эмне болгон жыт?




Автор: Ашвита Лейкумар

Сүрөтчү: Тарик Азиз

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Бул эмне болгон жыт?

Автор: Ашвита Лейкумар
Сүрөтчү: Тарик Азиз
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*What's That Smell?*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Бул эмне болгон жыт?" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, автор Ашвита Лейкумар, сүрөтчү Тарик Азиз, Pratham Books ©2019 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/54646-what-s-that-smell

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

– Эс алуудан кийин үйгө кайткан кандай сонун ээ? – деди апасы Салтанатка.

Салтанат макул болгондой башын ийкеди.

– Апа, мен ачка болдум.

– Мен да ачкамын, – деп Азат да курсагын сыйпалап койду.





– Муздаткычта сүт, нан, жумуртка жана жашылчалар бар. Азыр курсагыңарды тойгузам, – деп апасы күлүмсүрөдү.

– Мен кечкиге тамак бышырайын, – деп атасы жылмайып койду.

– Ата, кечкиге палоо бышырып бериңизчи! – деп суранды Салтанат.


– Палоо! – деп Азат да кайталады.



Үйүнө кирип, дароо бир нерсени  сезишти. Үйдө жагымсыз бир жыт бар экен.

– Өф-ий! Бул эмне деген жыт? – деп Салтанат мурдун чүйүрдү.

– Желмогуз, желмогуз! – деп Азат кыйкырып жиберди.



Үй ичи караңгы. Бир сасык жыт үйдүн ичине сиңип калыптыр.

– Бул сасык жыт кайдан чыгып жатат? – деп баары үй ичин карай баштады.



Апасы уктоочу бөлмөнү текшерип чыкты.

Азат болсо жуунучу жайды текшерди.





Салтанат тамактана турган бөлмөнү карап чыкты.

Ал эми атасы болсо ашкананы карады.





– Жыт ушул жерден эле чыгып жатат, – деп атасы муздаткычты көрсөттү.

– Бул сасыган желмогуз биздин муздаткычыбыз турбайбы, көрсө! – деп Салтанат таң калды.

– Мен коркуп жатам, – деп Азат апасынын этегине жашырынды.

– Келгиле, муздаткычты ачып, ичинде эмне болуп жатканын көрөлү, – деди апасы.



Ал муздаткычты ачты. Ичинен кызыктай сасык жыт бур деди. Бардыгы мурдун кыпчып туруп калышты.

– Мм… ичи жылуу экен. Жарыгы да күйбөй калыптыр , – деп апасы муздаткычтын ичине колун салып, текчелерин текшере баштады.

– Эмне болуптур, апа? – деп Салтанаттын чый-пыйы чыкты.

– Кыязы, муздаткыч көптөн бери иштебей калган окшойт, – деп атасы да сөзгө аралашты.

– Муздак аба жок болгондуктан, ичиндегинин баары бузулуп кеткен турбайбы! – деди апасы.




– Сүт бузулуп кетпеши үчүн муздак сакташ керек, – деп атасы олуттуу сүйлөдү.

– Нанды да жегенге болбойт ээ? – деп Салтанат нанды карады.

– Ооба. Көрүп турбайсыңбы. Бул да көгөрүп кеткен тура, – деп атасы нанды көргөздү.

– Анын үстүн көк байлап калыптыр го, - деп ачка болуп турган Азат колун нанга сунду.

– Нанга тийбе! Сен муну жесең, ооруп каласың, – деп атасы уулуна эскертти.




– Жашылча-жемиштер да бузулуптурбу? – деп кыз ишенбей турду.

– Ооба, бардыгы чирип кетиптир. Буларды эми жегенге болбойт, – деп апасы үшкүрдү.



Азат жумуртканы колуна ала койду эле, ал жарылып кетсе болобу!

– Эми мурункудан бетер сасый баштады, – деп Салтанат кыйкырып жиберди.

Салтанат мындан ары жумуртканы таптакыр жебейм деп ойлоду.

– Өфий! Түү-ү-ү! – деп Азат да турган жеринен качты.

Ошентип, баары муздаткычты тазалаганга киришти.

Алар чириген азыктарды таштанды салган капка салышты..

– Эмнеге баары бузулуп кеткен?

– Убактыттын өтүшү менен баары бузулат. Муздаткычтагы муздак аба азыктарды узагыраак сактаганга жардам берет. Ал эми жылуу абада алар тез эле бузулуп кетет, – деп түшүндүрүп жатты апасы.



– Бардык азыктар ушинтип бузулабы? – Салтанат таң калып сурады. Ал ушундай болорун билчү эмес..


– Күрүч, картөшкө көбүрөөк убакытка сакталат. Ошондуктан буларды жей берсе болот.

– Ал эми бул кайнатылган бадыраңды төгүп салыш керек! – деди атасы.

– Мына бул быштакты да ыргытыш керек! – деп апасы кошумчалады.

– Ура! Күрүч менен картошка бар экен. Буларды жесек болот турбайбы! – деп Салтанат сүйүнүп кетти.








КӨРҮНБӨГӨН ЖЕЛМОГУЗДАР

Салтанат менен Азат алгач үйдө бир желмогуз келген экен деп ойлошту. “Эмне үчүн көрүнбөгөн?” - деген суроону беришиңер мүмкүн. Анткени балдар сасык жыт кайдан чыгып жатканын билишкен жок.

Азыктар бузула баштаганда, көрүнбөс желмогуздар аларды жей баштайт. Ошондуктан адамдар бузулган азыктарды жебеши керек. Алар ооруп калышы мүмкүн. Көрүнбөгөн желмогуздар – микробдор.

Микробдор көзгө көрүнбөйт. Себеби алар өтө кичинекей (курт-кумурскалардан да майда). Аларды микроскоп менен гана көрүүгө болот.

Алар ушул сүрөттөгүдөй көрүнүшү мүмкүн.


АЗЫК-ТҮЛҮКТӨР:

Кээ бир азыктар өтө тез бузулат. Ал эми кээ бирлери узагыраак сакталат.

Мөмө-жемиштер жана жашылчалар, башка азыктарга караганда, тез бузулат. Анткени аларда нымдуулук көп болот.

Күрүч, төө буурчак сыяктуу кургак азыктар көпкө сакталат. Ал эми быштак, жумуртка, эт тез бузулат.

Туздалган бадыраң, помидор сыяктуу банкаларда консерваланган азыктар ачылбаса, туура сакталса, көпкө чейин бузулбайт.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Ашвита Лейкумар
Сүрөтчү: Тарик Азиз
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли